ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды

Протокол № 8

«29» апрель 2024-ж

БЕКИТЕМИН

ТалМУнун ректору техн. и. д., профессор Ж. С. Шаршембиев

«28» апрель 2024-ж

**Талас мамлекеттик университетинин медициналык кабинети жөнүндө**

**Жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Медициналык кабинет жөнүндө жобо студенттерди натыйжалуу медициналык жактан биринчи жардам көрсөтүүнү камсыз кылуу, уюштуруу максатында иштелип чыккан, алардын оорусунун алдын алууга жана кыскартууга багытталган.

1.2. Жобо ТалМУнун медициналык кабинетинин ишин жөнгө салат.

1.3. Медициналык кабинет ТалМУнун түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана ушул жобого ылайык иштейт, медициналык кызмат көрсөтүүнү уюштурат.

1.4. Медициналык кабинет өз ишин ТалМУнун ректораты жана профессордук-окутуучулар жамааты менен биргеликте ишке ашырат.

**2. Медициналык кабинеттин негизги милдеттери**

2.1. Медициналык кабинеттин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- окутуучуларга жана студенттерге натыйжалуу биринчи медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу, анын сапатын жогорулатуу;
- окутуучулардын жана студенттердин ден соолугун сактоо, чыңдоо жана ооруулардын алдын алуу, ооруну азайтуу:

- окутуучуларга жана студенттерге профилактикалык, дарылоочу жана ден соолукту чыңдоочу жардамдарды көрсөтүү:

- санитардык-гигиеналык ченемдердин жана эрежелердин сакталышына мониторинг жүргүзүү.

2.2 Милдеттерге ылайык медициналык кабинет ишке ашырат:

- дарылоо-профилактикалык жана санитардык иштерди;

- университеттеги санитардык-гигиеналык шарттарды көзөмөлдөө, анын

ичинде. университеттин тегерек-четинин, ашканасынын, окуу кабинеттеринин жана башка жайларынын абалын көзөмөлдөө;

- гигиена боюнча билимдерди жайылтуу, ден соолукту сактоо жана чыңдоо боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү;

-инфекциялык ооруларга туруштук берүү үчүн иммунитетти көтөрүүнү үйрөтүү;

- Талас шаарындагы борбордук поликлиника менен биргеликте иш алып баруу;

- студенттердин социалдык камсыздыгы, жашоо шарттары боюнча маалыматтарды чогултуу жана алар боюнча анализ жүргүзүү;

- студенттердин ден соолугунун абалын жакшыртуу үчүн медициналык көрсөтмө иштеп чыгуу;

- окутуучуларга жана студенттерге биринчи медициналык жардам көрсөтүү;

- отчёттук документацияларды жүргүзүү.

## 3. Медициналык кабинеттин ишмердигин уюштуруу

3.1.Медициналык кабинет өз ишмердигин 1 жылга түзүлгөн пландын негизинде төмөнкү багыттар боюнча жүргүзөт:

- уюштуруу иштери;

- дарылоо-профилактикалык иштер;

- санитардык иштер.

3.2.ТалМУнун медициналык кабинетинде атайын билимдүү медициналык билимин тастыктаган документи бар, квалификациялуу медициналык кызматкер иштөөгө тийиш.

3.3.Медициналык кызматкер 5 жылда бир жолу квалификациясын жогорулатуу курсунан өтүп турушу зарыл.

3.4. Медициналык кабинет санитардык-гигиеналык талаптардын баарына жооп берүүгө тийиш.

3.5. Медициналык кабинет өзүнө тийиштүү болгон бардык жабдыктар жана медициналык инструменттер менен жабдылууга тийиш.

3.6. Медициналык кабинет биринчи жардам көрсөтүү үчүн керектүү медикаменттер, дары-дармектер, бир жолу колдонуучу шприцтер, стерилденген материалдар, дезинфекцияланган каражаттар менен камсыз болушу керек.

3.7. Медайым билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарында каралып чыккан формалардын негизинде медициналык документацияларды жүргүзөт.

3.8. Медайым төмөнкү документацияларды жүргүзөт:

- группалар боюнча студенттердин ооруга чалдыгуусуна анализ жүргүзүү;

- оорулар боюнча отчётторду түзүү;

- медициналык журналды толтуруу;

- окутуучулардын жана студенттердин кан басымынын учётунун журналы;

- медициналык инструменттердин учётунун журналы;

- дары-дармектердин учетунун журналы;

- медициналык китепчелер.

## 4. Медайымдын укуктары жана милдеттери:

4.1.Медайым укуктуу:

- билим берүү мекемесинин администрациясы менен биргеликте өз компетенциясынын айланасындагы чечимдерди кабыл алууга;

- ата-энелер комитетинин иштерине, педагогикалык кеңешмелердин иштерине катышууга;

- коомдук уюмдарга , саламаттыкты сактоо системасындагы уюмдарга сунуш, пикирлери менен кайрылууга;

- окутуучулар, студенттер жана кызматкерлердин медициналык жактан камсыздалышы боюнча сунуштарды айтууга;

- квалификацияны жогорулатууга;

- саламаттыкты сактоо тармактары боюнча өтүлгөн түрдүү иш-чараларга катышууга;

- саламаттыкты сактоо системасындагы уюмдардын практикалык ишмердигин үйрөнүүгө;

4.2. Медайым өзүнө бекитилген милдеттемелерди жана кызматтарды толук түрдө аткарууга милдетүү, алар аткарылбай калган учурда жоопкерчиликке тартылат.

4.3. Медициналык-санитардык иштердин жыйынтыгындагы, докладдарындагы, аныктамаларындагы келтирилген фактылар боюнча жоопкерчилик алат.

Макулдашылды:

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Бешкемпирова В.К

Кесиптик кошумдум төрагасы: Абдраимов Э.А